# “Кам көрүү жана эрте куракта окутуп-үйрөтүү” Кошумча топтомуна 3-тиркеме

## Насаатчылык үчүн текшерме тизменин үлгүсү

«Колдоого алынган кураторлук үчүн текшерме тизменин үлгүсү” шайманын пайдаланганыңыз үчүн ыраазычылык билдиребиз. Колдоого алынган насаатчылык – бул куратор менен кеңеш берүүчүнүн/саламаттык сактоо кызматкеринин (мисалы, саламаттык сактоо кызматынын кызматкери, саламаттык сактоо кызматынын медайымы, саламаттык сактоонун ыктыярчысы) ортосундагы кызматташуу мамилелери болуп саналат, алар кеңеш берүүчүнүн квалификациясын, ишенимдүүлүгүн жана ишинин натыйжалуулугуна байкоо жүргүзүү, уга билүү, көйгөйлөрдү эки тараптуу чечүү жана конструктивдүү кайтарым байланыш аркылуу жогорулатууга багытталган. Бул шайманды бапестеп кам көрүүгө жана эрте куракта окутуп-үйрөтүүгө жана/же эмчектеги эрте курактагы балдардын тамак-ашына байланышкан темалар боюнча жекече кеңеш берүүлөрдү же топ ичиндеги сессияларды өткөргөн кеңеш берүүчүлөрдүн ишине байкоо жүргүзүү учурда колдонсо болот.

**Текшерме тизмени пайдалануу боюнча нускама:**

1. Максатты аныктаңыз: сессияга байкоо жүргүзүү жана андан кийин медициналык кызматкерге колдоо көрсөтүү.
2. Текшерме тизмени жана кураторлук максатта буга чейин барып келген учурдагы бардык кийинки иш-аракеттерди талдап чыгыңыз.
3. Кеңеш берүүчүнүн ишин жакшыртууга багытталган эскертмелерди айтуудан мурун аны аткарылган иши үчүн мактап, күчтүү жактарын баса белгилеп коюу керек. Кеңеш берүүчүгө өз ишине комментарий берүүгө, айрыкча, жакшыртууга муктаж болгон жааттары боюнча комментарий беришине мүмкүндүк бериңиз. Эгер тынчсыздануну жараткан жагдайлар бар болсо, түшүнүү деңгээлин жогорулатуу үчүн аларды кеңеш берүүчү менен талкуулаңыз. Кеңеш берүүчү менен биргеликте бул жааттардагы ишти кандайча жакшыртса боло тургандыгын аныктаңыз (мисалы, практика жүзүндө, жардамдашуучу карталарды пайдалануу менен, квалификацияны жогорулатуучу тренингге катышуу аркылуу, башкаларга байкоо жүргүзүүнүн негизинде).
4. Текшерме баракчасын толтургандан кийин бардык маселелер боюнча тийиштүү иш аткарылгандыгын далилдөө үчүн форманы карап чыгыңыз. Зарылдык болсо, форманын төмөнкү жагына текшерме тизмеге камтылбай калган тийиштүү маалыматты көрсөтүү үчүн атайын белгилерди коюп койсо болот.

Текшерме тизмеде үч бөлүк бар:

- Жалпы маалымат бөлүгүндө сиз өткөрүлгөн орунду, ысымыңызды, кеңеш берүүчүнүн ысымын ж.б. жазасыз.
- Текшерме баракчасынын кийинки бөлүгүндө сиз кеңеш берүүчүнүн жекече сессиялар учурундагы кеңеш берүү ыкмаларына жүргүзгөн байкоолоруңуздун жыйынтыктарын талдап, алар боюнча кайтарым байланыш жасайсыз.
- Текшерме баракчасынын акыркы бөлүгүндө сиз кеңеш берүүчүнүн топ ичинде өткөргөн сессияларынын жүрүшүндөгү кеңеш берүү көндүмдөрүнө жүргүзгөн байкоолоруңуздун жыйынтыктарын талдап, алар боюнча кайтарым байланыш жасайсыз..

***Эскертме:*** *Көйгөйлөр жөнүндө айтуудан мурда кеңеш берүүчүнү аткарган иши үчүн мактап коюу керек. Эгер кандайдыр бир көйгөй белгиленсе, кеңеш берүүчү өзү да аны көрсөтүп бере алабы – ушуга көңүл бөлүңүз. Көйгөйдүн түпкү себебин жакшыраак түшүнүү үчүн аны кеңеш берүүчү менен бирге талдаңыз. Көйгөйдүн себебин аныктаган соң кеңеш берүүчүдөн аны чечүү варианттарын берүүсүн өтүнүңүз. Кеңеш берүүчү менен бирге компетенцияларды калыптандыруунун үстүнөн иш алпарыңыз.*

| | | | |
|---|---|---|---|
| Район/өлкө | | | |
| | | | |
| Мекеменин аталышы | | | |
| Мекеменин түрү | | | |
| Насаатчынын аты жөнү | | | |
| Медицина кызматкеринин аты жөнү | | | |
| КБжЭӨ боюнча даярдыгы барбы? | □ Ооба □ Жок | ЭЖБТ боюнча даярдыгы барбы? | □ Ооба □ Жок |

## Жекече кеңеш берүүгө байкоо жүргүзүү үчүн текшерме тизме

**Медицина кызматкери балага кам көргөн адамдар менен алардын эки жашка чейинки балдарына кандайча кеңеш берип жатканына байкоо жүргүзүңүз.**

- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамдарга канчалык деңгээлде жакшы кеңеш бергендигин аныктоо үчүн ушул текшерме тизмесин пайдаланыңыз.
- Сессияга байкоо жүргүзүү менен тийиштүү компетенцияларды табыңыз жана баалаңыз.
- Ар бир компетенция боюнча «Ооба/Канааттандыраарлык", «Жок/Канааттандыраарлык эмес» же «Колдонсо болбойт» деп белгилеңиз.

**Жалпы маалымат**

| № | Компетенциясы | Ооба/Канааттандыраарлык | Жок/Канааттандыраарлык эмес | Колдонулбайт | Эскертмелер |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кызыкдарлыгын көрсөткөн пайдалуу вербалдык эмес баарлашууну пайдаланат (мисалы, тике көз караш, көңүл бөлөт, шашылбайт) | | | | |
| 2 | Балага кам көргөн адамдын суроолорун угуп, мээримдүү жооп берет | | | | |
| 3 | Балага кам көргөн адамдарды жакшы жасаган иштери үчүн мактайт | | | | |
| 4 | Айыптаган же терс маанидеги сөздөрдү пайдалануудан оолак болот | | | | |
| 5 | Ишенимди арттырат жана колдоо көрсөтөт (мисалы, балага кам көргөн адамдардын ойлорун/сезимдерин , алардын туура жасап жаткандыгын кабыл алат, иш жүзүндө жардам көрсөтөт) | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Актуалдуу маалымат берет / жаш курагына шайкеш келген кеңештерди берет | | | | |
| 7 | Жөнөкөй (жалпак) тил менен сүйлөйт | | | | |
| **1-кадам: Балага кам көргөн адамдар менен учурашуу** | | | | | |
| 8 | Сессияга даярданып, материалдарын ала келет (мисалы, *Кеңеш берүү карталарын* ) | | | | |
| 9 | Сессияны позитивдүү, мээримдүү сөздөр менен баштап, өзүн тааныштырат | | | | |
| 10 | Баштапкы суроону берет | | | | |
| 11 | Өзү тууралуу балага кам көргөн адамдарга кызыктуу болгон нерсе туралуу айтып берет | | | | |
| **2-кадам: Баалоо жүргүзүү – угуу жана байкоо жүргүзүү** | | | | | |
| 12 | Баяндама жасайт/ылайык болсо, акыркы жолу келгендеги каралган теманы кайталайт | | | | |
| 13 | Балага кам көргөн адамдарга бериш керек болгон суроолорду аныктап алуу үчүн «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү үчүн темаларды аныктоо” картасын колдонот. | | | | |
| 14 | Балага кам көргөн адамдардын кызыкчылыктарын, керектөөлөрүн, көйгөйлөрүн | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | жана шык-жөндөмдөрүн түшүнүү үчүн суроо берет жана угат. | | | | |
| **3-кадам: Талдоо жана 1-2 сунуштаманы аныктоо** | | | | | |
| 15 | «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү үчүн темаларды аныктоо" картасын балага кам көргөн адамдардын ыктымалдуу көйгөйлөрүн жана кызыкчылыктарын аныктоо үчүн пайдаланат. | | | | |
| 16 | Балага кам көргөн адамдардын көйгөйлөрү менен кызыкчылыктарына жараша кеңеш берүүнүн ылайыктуу картасын тандайт | | | | |
| 17 | Балага кам көргөн адамдар үйүнөн колдонуп көрө турган 2ден ашык эмес сунуштарды/чакан, аткарса болгудай иш-аракеттерди аныктайт. | | | | |
| **4-кадам: Иш-аракеттер – бүгүнкү теманы тааныштыруу, балага кам көргөн адамдарды мактоо жана тажрыйба менен көрсөтүп берүүгө таянуу менен кеңеш берүү** | | | | | |
| 18 | Бүгүнкү теманы тааныштыруу үчүн тийиштүү кеңеш берүү карталарын пайдаланат | | | | |
| 19 | Кеңеш берүүчү нарисе менен балага кам көргөн адамдардын ортосундагы байкаган позитивдүү баарлашууну мактайт | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 20 | «Практикалык кеңештерди» пайдалануу менен кеңеш берет, зарыл болгон учурларда, эмнени/кантип жасоо керектигин көрсөтүп берет. | | | | |
| 21 | Кам көргөн адамдарга практика үчүн убакыт берет | | | | |
| 22 | «Практикалык кеңештерди» өсүп-өнүгүүсүндө кыйынчылыктар бар балдар үчүн «Майыптыгы бар балдарды ойноодо жана окутууда колдоого алуу боюнча кеңештер» картасын колдонуу менен зарылдыкка жараша ылайыкташтырат. | | | | |
| 23 | Ар кандай тынчсыздандырган белгилерди аныктайт жана зарылдыкка жараша тийиштү чараларды көрөт | | | | |
| **5-кадам: Жыйынтык чыгаруу жана ишти аяктоо** | | | | | |
| 24 | Сессиянын жыйынтыгын чыгарат, балага кам көргөн адамдардан үйүнө барганда балдары менен кантип баарлаша тургандыгын көрсөтүп же түшүндүрүп беришин өтүнөт. | | | | |
| 25 | Балага кам көргөн адамдардан кандай тоскоолдуктар бар деп сурайт жана, зарылдыкка жараша, көйгөйдү чечет | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 26 | Балага кам көргөн адамдарга колдоо көрсөтөт | | | | |
| 27 | Зарылдыкка жараша кийинки жолугушуунун датасы жөнүндө макулдашат. | | | | |
| 28 | Эгер багыттама бериле турган болсо, кеңеш берүүчү багыттама берилген жерге баруу боюнча так план бар экендигин такташы керек. | | | | |
| **БАРДЫГЫ** | | | | | |
| **ЖАЛПЫ БААЛОО** | | _________ / _________ + _________ = _________ x 100 = _________ %<br>Бардык «Ооба» Бардык «Ооба» Бардык «Жок» | | | |

| Бүгүн өтүлгөн кеңеш берүү темалары | |
|---|---|
| □ Эмизүү | □ Баланын өсүп-өнүгүүсүнө мониторинг |
| □ Балага кам көргөн адамга кам көрүү | □ Оюн |
| □ Кошумча тамак берүү | □ Балага кам көрүү |
| □ Баарлашуу | □ Кам көрүү менен тамактандыруу |
| □ Тамактануудагы кыйынчылыктар | □ Башка темалар: ________________________________ |

**Комментарийлер жана сунуштар:**

## Топ ичиндеги сессияга байкоо жүргүзүү үчүн текшерме тизме

**Медицина кызматкери балага кам көргөн адамдар менен алардын эки жашка чейинки балдарына топ ичиндеги сессияны кандайча өткөрүп жаткандыгына байкоо жүргүзүңүз.**

- Кеңеш берүүчү топ ичиндеги сессияны канчалык деңгээлде жакшы өткөргөндүгүн аныктоо үчүн ушул текшерме тизмесин пайдаланыңыз.
- Сессияга байкоо жүргүзүү менен тийиштүү компетенцияларды табыңыз жана баалаңыз.
- Ар бир компетенция боюнча «Ооба/Канааттандыраарлык”, «Жок/Канааттандыраарлык эмес» же «Колдонсо болбойт» деп белгилеңиз.

### Жалпы маалымат

| № | Компетенциясы | Ооба/ Канааттандыраарлык | Жок/ Канааттандыраарлык эмес | Колдонулбайт | Эскертмелер |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Балага кам көргөн адамдарды жакшы жасаган иштери үчүн мактайт | | | | |
| 2 | Айыптаган же терс маанидеги сөздөрдү пайдалануудан оолак болот | | | | |
| 3 | Ишенимди бекемдейт жана колдоо көрсөтөт (мисалы, балага кам көргөн адамдардын ойлорун/сезимдерин , алардын туура жасап жаткандыгын кабыл | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | алат, иш жүзүндө жардам көрсөтөт) | | | | |
| 4 | Актуалдуу/так маалымат берет жана бурмаланган маалыматты жокко чыгарат | | | | |
| 5 | Жөнөкөй (жалпак) тил менен сүйлөйт | | | | |
| **Сессияга алдын ала даярдык** | | | | | |
| 6 | Сессияга бүгүнкү сессиянын темасы, ылайыктуу топ ичиндеги көнүгүүлөр боюнча даярданып жана сессияны өткөрүү үчүн зарыл болгон бардык материалдарын ала келет | | | | |
| **1-кадам: Балага кам көргөн адамдар менен учурашуу** | | | | | |
| 7 | Сессияга даярданып, материалдарын ала келет (мисалы, Кеңеш берүү карталарын ) | | | | |
| 8 | Сессияны позитивдүү, мээримдүү сөздөр менен баштап, өзүн тааныштырат. | | | | |
| 9 | Ылайык келсе, балага кам көргөн адамдардан өзүн тааныштыруусун өтүнөт | | | | |
| 10 | Киришүү көнүгүүсүн аткартат | | | | |
| **2-кадам: Баалоо – кароо, угуу жана байкоо жүргүзүү** | | | | | |
| 11 | Баяндама жасайт/акыркы сессияда каралган теманы | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | кайталайт, катышуучулардын биринен алган билимин үйдө колдонуу тажрыйбасы менен бөлүшүүсүн өтүнөт. | | | | |
| **3-кадам: Талдоо** | | | | | |
| 12 | Зарылдыкка жараша, сессиянын планына өзгөртүүлөрдү, анын ичинде топ ичиндеги көнүгүүгө катышуучулардын курамына жараша өзгөртүүлөрдү киргизет | | | | |
| **4-кадам: Иш-аракеттер – бүгүнкү теманы тааныштыруу, балага кам көргөн адамдарды мактоо жана тажрыйба менен көрсөтүп берүүгө таянуу менен кеңеш берүү** | | | | | |
| 13 | Бүгүнкү теманы тааныштыруу үчүн тийиштүү кеңеш берүү карталарын пайдаланат | | | | |
| 14 | Катышып жаткандардын пикирин жана тажрыйбасын билүү үчүн бир же эки суроо берет | | | | |
| 15 | Бардык катышуучулардын көнүгүүгө жана талкууга аралашуусун колдойт | | | | |
| 16 | Топ ичиндеги көнүгүүнү аткартат, анда көрсөтүп берүү, практика жана талкуулоо үчүн убакыт каралган. | | | | |
| 17 | өсүп-өнүгүүсүндө кыйынчылыктар бар балдар үчүн «Майыптыгы бар балдарды ойноодо жана окутууда колдоого алуу боюнча кеңештер» картасын колдонуу менен | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | зарылдыкка жараша көнүгүүнү ылайыкташтырат. | | | | |
| **5-кадам: Жыйынтык чыгаруу жана ишти аяктоо** | | | | | |
| 18 | Сессиянын жыйынтыгын чыгарат, балага кам көргөн адамдардан үйүнө барганда балдары менен кантип баарлаша тургандыгын көрсөтүп же түшүндүрүп беришин өтүнөт. | | | | |
| 19 | Балага кам көргөн адамдардан кандай тоскоолдуктар бар деп сурайт жана, зарылдыкка жараша, көйгөйдү чечет | | | | |
| 20 | Сессияны аяктайт | | | | |
| 21 | Зарылдыкка жараша, кийинки жолугушуунун датасы жөнүндө макулдашат. | | | | |
| 22 | Зарылдыкка жараша, балага кам көргөн адамдардын ичинен адиске кайрылуу пайдалуу болгон же башкача колдоо керек болгондорун аныктайт. | | | | |
| **БАРДЫГЫ** | | | | | |
| **ЖАЛПЫ БААЛОО** | | _________ / _________ + _________ = _________ x 100 = _________ %<br>Бардык «Ооба» Бардык «Ооба» Бардык «Жок» | | | |

| Бүгүн өтүлгөн кеңеш берүү темалары | |
|---|---|
| □ Эмизүү | □ Баланын өсүп-өнүгүүсүнө көзөмөл |
| □ Балага кам көргөн адамга кам көрүү | □ Оюн |

| | |
|---|---|
| □ Кошумча тамак берүү | □ Балага кам көрүү |
| □ Баарлашуу | □ Кам көрүү менен тамактандыруу |
| □ Тамактануудагы кыйынчылыктар | □ Башка темалар: ________________________________ |
| **Комментарийлер жана сунуштамалар:** | |
| | |

USAIDдин "Мыкты азыктануу" долбоору
https://www.advancingnutrition.org/

Жоопкерчилик: Бул документ америка элинин АКШ Эл аралык өнүгүү боюнча агенттигинин (USAID) колдоосу аркылуу даярдалды. Документтин мазмуну үчүн «Джэйэсай Рисерч Энд Трейнинг Институт, Инк.» (JSI) жооптуу болуп саналат, жана мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү агенттигинин (USAID) же АКШ Өкмөтүнүн ой-пикирин чагылдырбайт.

2023-жылдын 8-майы